**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ - УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**
**КЫРГЫЗ ТҮРК «МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 09.16.534 Диссертациялык кеңеш**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 101(091):111.8 (575.2) (043.3)**

**ШЕЙШЕНБАЕВА АИДА МУКАНБЕТОВНА**

# КЫРГЫЗ ФИЛОСОФЕМАЛАРЫНДАГЫ КООМ БОЛМУШУ

09.00.03 – философиянын тарыхы

Философия илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
диссертациянын **автореферати**

**Бишкек – 2018**

Диссертациялык иш К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин тарых жана философия кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** философия илимдеринин доктору, доцент
**Ботоканова Гульнара Топчуевна**

**Расмий оппоненттери:** философия илимдеринин доктору, профессор
**Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович**

философия илимдеринин кандидаты, у.и.к.
**Асанов Жаныш Канатович**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасы.
720026, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,
И.Раззаков көчөсү 51.

Диссертациялык иш 2018-жылдын “31”майында саат 12.00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) жана маданият таануу, искусство таануу (17.00.02-музыкалык искусство) боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн **Д 09.16.534** Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот. (720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-а. /сайт www.fil.kg/ )

Автореферат 2018-жылдын “30” апрелинде таркатылды.

Диссертациялык Кеңештин
илимий катчысы,
философия илимдеринин кандидаты, у.и.к. Акматова Н.С.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Борбордук Азия социомаданий өзгөрүүлөрдүн жана өз ара улуттук-маданий, этникалык кайталангыстыкты издөөнүн татаал процессин башынан кечирүүдө. Азыркы күндө ааламдашуу жана бүткүл дүйнөлүк интеграциянын шартында салттуу маданияттын өзгөчөлүгүн сактоо коркунучу күч алып, алардын бүтүндүгүнүн бүлүнүү тенденциясы байкалууда.

Заманбап социалдык маданий кырдаал салттуу маданияттын, салттуу коомдун баалуулуктарын радикалдуу өзгөртүүгө дуушар кылып, бардык тараптан стандартташтыруу жана универсалдаштыруу менен айрым этникалык маданияттын өзгөчөлүгүн жоготуу болгондугун жүргүзүлгөн анализ күбөлөндүрөт. Бул процесс кыргыз этносунун кылымдарды карыткан тарыхынын өнүгүү жолундагы түзүлгөн маданий мейкиндигин, каада-салттарын, үрп-адаттарын, жалпы менталитетин алсыратат. Ошол эле учурда ааламдашуу процесси өз жана бөтөндүн ортосундагы чекти жокко чыгарып, маданияттын жаңы формаларынын жаралуусуна алып келет. Маданиятты мындай айкалыштыруу жеке же айрым адамдарда гана байкалбастан, жалпы коомго мүнөздүү белги болуп эсептелет. Натыйжада, кайсы бир белгилүү маданиятка, коомго тиешелүү эмес же ар түрдүү маданияттардын кесилишиндеги абалды ээлеген, башкача айтканда, өзүнүн тамырынан, маданиятынан айрылган, ошол эле мезгилде башка маданияттын контекстине кошула албаган маргинал адам пайда болду.

Коомдогу заманбап кырдаал жаштардын адептик багыттагы, айталык, кароосуз калган балдар, карылар үйүндөгү жашы өтүп калган адамдардын санынын көбөйүшү, денесин сатып күн көргөн сойкулардын арбышы ж.б. ушул өңдүү терс тенденциянын курчушун күбөлөндүрөт жана бул жагдай салттуу коомдун руханий баалуулугун жандандыруу жөнүндөгү маселени актуалдуу кылат.

Буга байланыштуу этностун өзүнүн маданий, социалдык жашоосунун өзөгүнө кайрылуу зарылдыгы бар. Салттуу коомдун маңызына, функционалдык жана цивилизациялык өнүгүүсүнө кызыгуу, анын баалуулугун сактап калуу жана өздөштүрүү процесси күчөөдө.

Коом болмушунун өзгөрүү шарттарында элдик көөнөрбөс баалуулуктардын системасында рухий мурасты, анын аксиологиялык маани-маңызын үйрөнүү актуалдуу болууда.

Салттуу коомдун белгилүү бир өзгөчөлүгү, туруктуу өнүгүүнүн негизги факторлорунун бири белгиленген баалуулуктарды өнүктүрүүгө багытталган, билим, билгичтик, практикалык көндүм, салттуу каадалар, жөрөлгөлөр, руханий баалуулук, муундан-муунга жеткирген муундардын үзгүлтүксүздүгү болуп эсептелет. Азыркы учурда салттуу коомдун эң

негизги баалуулугу – муундан-муунга өтүп келген рухий мурастын механизминин бузулушун айкындап турат.

Так ошол муундан-муунга үрп-адатты, каада-салтты, салттуу билимди жеткирүү процессинде утилитардык эле эмес, аксиологиялык мааниге ээ.

Бүгүнкү күндө ата-бабалар басып өткөн салттуу коомдогу маданий нарктуулукту, баалуулуктарды сактап калуу, аларды жаштардын жан дүйнөсүнө сиңирүү, үйрөнүү, жайылтуу, өткөндүн мурас-насилдерине аёо мамиле жасоо, маани-маңыздуу, рационалдуу жактарын иликтөөгө көңүл буруу абзел. Өткөнүн билбеген, өзүнүн тарыхый тажрыйбасынан ажыраган эл дүйнөдөгү өз ордун аныктай албайт, демек, андай элдин келечеги жок болуп, күнүмдүк турмуш менен гана жашоого жөндөмдүү болуп калат.

Ошондуктан, азыркы күндө өткөнгө кайрылуу өтө орчундуу маселеге айланды.

Кыргыз салттуу коомунун социалдык байланыштарынын жана мамилелеринин өзгөчө баалуулугун, көп түрдүүлүгүн сактап калуу, алар өз учурунда социалдык жөнгө салуу жана консолидациялык кызматын аткарып, бүгүнкү күндө да коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн, стабилдүүлүгүнүн негизги факторлорунун бири. Мындай шартта ар бир этностун өз алдынчалуулугун, кайра жаралуусун, өнүгүшүн жана сакталышын изилдөөнүн зарылдыгы келип чыгат. Бүгүнкү күндө элдин этникалык иденттүүлүгүн сактап калууда салттуу коомдун маданиятын өнүктүрүү жана жайылтуу абзел. Коомчулуктун алдында уникалдуу социомаданий мейкиндикти, тилди, коомдун туруктуулугун коргоо милдети коюлат. Ошого байланыштуу, кыргыз элинин салттуу коомунун өзгөчөлүгүнө, түзүлүшүнө, маңызына ж.б. көңүл буруу зарыл. Мындай шартта элибиздин этникалык идентүүлүгүн сактап калуунун реалдуу мүмкүндүгү жаралат. Анткени, заманбап коомдо бир катар көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун салттуу коомдун болумушунун түпкүрүнөн табууга болот. Демек, тарыхый-философиялык рефлексиянын негизинде кыргыз коом болмушунун жаңыча өңүттөрүн, көмүскө жактарын иликтөө, өздөштүрүү кыргыз элинин салттуу коомунун маданиятын, мурасын сактап калуу зарыл.

Жогоруда айтылгандар изилденүүчү теманын учурдагы актуалдуулугун көрсөтөт.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Тема КР УИАнын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун илимий иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Изилдөөнүн **объектиси** – кыргыз салттуу коомунун өнүгүү контекстиндеги коом болмушу саналат. Изилдөөнүн **предмети** катары – салттуу кыргыз коом болмушунун социалдык байланыштарынын, мамилелеринин, стратификациясынын

маңызын чагылдыруучу философемаларга философиялык рефлексиянын деңгээлинде анализ жүргүзүү болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Илимий изилдөөнүн максаты – кыргыз салттуу коом болмушунун маңызын тарыхый-философиялык рефлексиянын негизинде анализдөө.

Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлду:

- классикалык, батыш, орус жана ата-мекендик философтордун эмгектеринин негизинде философемаларды философия тарыхынын башаты катары кароо жана философемалардын классификациясын аныктоо;
- салттуу коом болмушунун илимий изилдөөлөрдө чагылдырышынын теориялык-методологиялык аспектилерин талдоо;
- иманенттүү формада камтылган философемалардагы салттуу коомдун социалдык байланыштарынын, мамилелеринин маани-маңызын изилдөө, ошондой эле, алардын аксиологиялык баалуулугуна анализ жасоо;
- кыргыз салттуу коомундагы социалдык стратификациянын өзгөчөлүгү жана коомдогу теңсиздикти философемалар аркылуу иликтөө;
- салттуу коомдун маңызына, туруктуулугуна ааламдашуу доорунун процесстеринин таасир этүүсүн ачып берүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертацияда тарыхый-философиялык рефлексиянын деңгээлинде профессионалдык эмес тексттерде имманенттүү түрдө камтылган кыргыз элинин салттуу коом болмушунун маани-маңызына концептуалдык талдоо жүргүзүлдү. Ошондой эле:

- ата мекендик, орус жана батыш философторунун эмгектерин анализдөөнүн негизинде кыргыздардын философияга чейинки ой-жүгүртүүсү (предфилософиясы) жана парафилософиясынын системасындагы философемаларынын феноменинин маани-маңызы аныкталды;
- философема түшүнүгүнө орто кылымдагы Кембридж платонизминин өкүлү Теофил Гейл, Уэбстер жана Оксфорд сөздүктөрүндө берилген аныктама Кыргызстандын тарыхый-философиялык илиминде биринчилерден болуп көрсөтүлдү, ошондой эле, бул түшүнүккө автордук экспликация берилди;
- кыргыз салттуу коомунун социалдык байланыштарынын жана мамилелеринин экспрессивдүү мүнөзү социалдык-философиялык концепциянын призмасы аркылуу ачылып, талдоого алынды;
- салттуу кыргыз коом болмушунун маани-маңызынын бүтүндүгүн көрүүдө, социалдык стратификациянын өзгөчөлүктөрү иликтенди;
- ааламдашуу доорунда кыргыз салттуу коомунун туруктуулугунун мааниси жана аксиологиялык баалуулуктарынын өзгөчөлүктөрү изилденди.

**Диссертациянын теориялык жана методологиялык негиздери.**

Иштин теориялык жана методологиялык негизи диссертациянын максаты

жана милдетине ылайык тандалды. Изилдөөнүн теориялык аспектилерин ачып берүүдө белгилүү классикалык жана заманбап философтордун, окумуштуулардын концептуалдык жоболоруна таяндык. Коом болмушунун маселелерин кароодо байыркы мезгилден тартып, азыркы учурга чейинки дүйнөлүк философиялык ойломдун өнүгүшүнө ойчулдар, окумуштуулар, өзгөчө байыркы классикалык ойчулдар: Платон, Аристотель, Н.Макиавелли, Т.Гоббс, Ж.Ж.Руссо, Г.В.Ф.Гегель сыяктуу философтордун эмгектери салым кошуп келишкен. Советтик жана постсоветтик тарыхый-философиялык илимде философияга чейинки ой-жүгүртүүнүн (предфилософия) системасынын өзгөчөлүктөрүн талдоого: С.И. Акатаев, Н.П. Аникеев, Б.С.Крымский, А.Е. Лукьянов, А.Ф. Лосев, М. Орынбеков, В.А. Песоцкий, М.М. Хайруллаев, А.Н. Чанышев, М.И. Шахнович ж.б. атайын эмгектери арналган. Булардын эмгектери башка элдердин философияга чейинки ой-жүгүртүүсүн изилдөөдө өзөктүү пайдубал болуп саналат.

Методологиялык жана теоретикалык жолдорун иштеп чыгууда заманбап ата мекендик философтордун изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы олуттуу салым кошуп, кыргыз элинин тарыхый-философиялык ойлорунун адистештирилген маселелерине: А.А. Алтмышбаев, Б.Аманалиев, М.К. Абдылдаев, А.А. Айтбаев, Ш.Б Акмолдоева, Т.А. Аскаров, А.А. Бекбоев, Ж.Б. Бөкөшов, Г.Т. Ботоканова, А.К. Джусупбеков, Ж. Жаныбеков, М.Ж. Жумагулов, Исмаилова Е.Э, А.Ч.Какеев, О.К. Козубаев, С.М. Мукасов, А.И. Нарынбаев, Н.И. Осмонова, Н.К. Саралаев, К. Сариева, Р.Д. Стамова, О.А. Тогусаков, Ж. Урманбетова, Э.К. Шарипова ж.б. кайрылышкан.

Диссертациянын методологиялык негиздери болуп диалектиканын универсалдуу принциптери: объективдүүлүк, жалпы байланыш, өнүгүү, системалуулук, карама-каршылык, детерминизм жана жалпы логикалык методдор – тарыхыйлуулук жана логикалуулуктун биримдиги, анализ жана синтез, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү түздү. Ошондой эле, тарыхый-салыштырма, конкреттүү-тарыхый ыкмалары, экстраполяция, герменевтикалык ж.б. усулдар колдонулду.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациянын теориялык жыйынтыктары кыргыз философиясын жана маданиятын изилдөөгө белгилүү бир деңгээлде салым кошот. Изилдөөдө жалпыланган концептуалдуу жоболор тарыхый-философиялык өңүттө экспликациялоо аркылуу элдик мурастардын ааламдашуу шартындагы салттуу коом болмушунун аксиологиялык маани-маңызын аныктоого негиз болот.

Изилдөөдө берилген корутундулар жаш муундарды атуулдукка, мекенчилдикке, этникалык иденттүүлүккө тарбиялоодо рухий булак иретинде пайдаланылат. Коомдун туруктуу өнүгүүсүн сактоого көмөк көрсөтөт. Диссертациянын теориялык-методологиялык жыйынтыктары тарых, философия, манастануу, кыргыз философиясы, маданият таануу боюнча атайын курстарды даярдоодо, лекцияларда, семинардык сабактарда таяныч база катары колдонулат.

**Коргоого сунуш кылынган негизги жоболор.**

Салттуу кыргыз коом болмушунун табиятын жана маани-маңызын философиялык рефлексиянын негизинде изилдөөнүн натыйжасында төмөнкү жоболор коргоого сунуш кылынат:

1. XX кылымдын башына чейинки кыргыз элинин философиялык

ойлорун таанып-билүүдө кыргыздардын руханий жан дүйнөсү маданияттын вербалдык булактарында гана көрсөтүлбөстөн, кол өнөрчүлүктө, архитектуралык жаратмандыкта, көркөм маданияттын ар кандай үлгүлөрүндө жана формаларында имманенттик түрдө жуурулушкан. Башкача айтканда, философиялык билимдин философемалардагы элементтери маданий артефакттардын ар кандай түзүмүндө табылышы мүмкүн.

2. *Философема* - маданий эстеликтерде орун алган философиялык иреетеги ой-жүгүртүүлөрдүн, идеялардын, концептердин жыйындысы.

Философема объектисинин мазмуну жана маңызын аңдап билүү боюнча философеманын күндөлүк жана теориялык деңгээлин бөлүп көрсөтүүгө болот. *Философеманын күндөлүк деңгээлине* коомдун жашоосунун материалдык жана руханий тармагына кирген тигил же бул жаратылыш кубулуштарын жана социалдык чындыкты аңдоосуз философиялык баамдап түшүнүүнүн фрагменттери кирет. *Философеманын теориялык деңгээлине* философемалар орчундуу, көлөмдүү маалыматты камтыган, кээде анын негизи болуп эсептелген профессионалдык адабий-көркөм чыгармалар кирет.

3. Философемалардын онтологиялык аспекти – жалпы маданияттын

имплициттик элементи болуп эсептелет. Алардын башаты салттуу маданияттын базистик элементтеринде орун алган. Философемалардын гносеологиялык аспекти, адамдын таанып-билүү иш-аракетинин бир түрү болуп саналат.

4. Кыргыз салттуу коомундагы социалдык байланыштар жана мамилелер: “саан берүү”, “күч”, “ат майы”, “мингич”, “союш”, “чыгым”, “кошумча”, “конок алуу”, “жүн берүү”, “ашар”, “өрүлүктөө” ж.б. экспрессивдүү мүнөзгө ээ болуп, өз ара жардамдашуу жана карым-катыштын ар кандай түрлөрүн чагылдыруу менен коомдун консолидация кызматын аткарып, коммуникативдик байланышына, салттуу коомдун

туруктуулугунун калыптанышына, стабилдүүлүгүнө, үй-бүлөнүн, уруунун жана жалпы коомдун бекемделишине алып келген. Салттуу коомдун социалдык топторго градацияланышынын критерийлери катары алардын мүлктүк абалы, социалдык теги, бийликке болгон мамилеси, коомдогу атагы эсептелген.

5. Кыргыз салттуу коому татаал социалдык дифференциация системасында, социалдык стратификациянын татаал түзүлүштөгү ачык тибинде болуп, коомдун мүчөлөрү социалдык мейкиндикте өзүлөрүн салыштырмалуу эркин алып жүргөн, б.а., коомдогу бир катмардан экинчи бир катмарга өтүүгө мүмкүнчүлүк болгон.

6. Азыркы шартта салттуу коомду изилдөө жана анын баалуулуктары чоң аксиологиялык мааниге ээ. Ал кыргыздардын этникалык аң-сезими, коом таанымы жана тарыхый жашоо шартынын негизинде иштелип чыккан, элдин кылымдап чогулткан этикалык, педагогикалык, этикеттик тажрыйбасынын жыйындысы. Көптөгөн кылымдар, миң жылдыктар аралыгында муундардын диалогу аркылуу кыргыз этносу өзүнүн «мен» деген түшүнүгүн – тилин, кыргыз тиричилик маданиятынын өзгөчөлүктөрүн жана уникалдуулугун камтыган маданий аймагын сактап кала алган. Ал баалуулуктар ааламдашуу доорунда заманбап коомдун туруктуулугун, стабилдүүлүгүн, этникалык иденттүүлүгүн сактоочу негизги каражат болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Диссертациянын негизги илимий жоболору жана жыйынтыктары кыргыз философиясындагы салттуу коомду изилдөөдө изденүүчүнүн жеке салымы болуп эсептелет. Диссертант салттуу кыргыз коомунун маңызын жана аксиологиялык баалуулугун фольклорго, акындар поэзиясына, профессиналдык адабиятка кайрылып ачып берүүгө аракет жасады.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги илимий корутундулары менен жоболору диссертант тарабынан УИАнын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун жаш окумуштууларынын «Гуманитарные проблемы современности» аттуу илимий жыйнагында ( 2010, 2012, 2013), Ж. Баласагын атындагы КУУда өткөн «Кыргыз философиясы: өнүгүүсү жана келечеги» аттуу илимий-практикалык конференцияда (2012), «Салттуу билимдер коомдун туруктуу өнүгүүсү үчүн» (Бишкек, 2010), «Ааламдашуу шартындагы салттуу билимдер» (Бишкек, 2015), «Ааламдашуунун азыркы шарттарындагы илим жана билим берүүнүн ролу» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Ош, 2015), «Известия Вузов Кыргызстана» (2016, 2017), «Наука новые технологии и инновации Кыргызстана» аттуу Республикалык илимий-теоретикалык журналындарында (2016), «Высшая школа» аттуу илимий-практикалык журналында (Россия, Уфа 2016),

УИАнын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун «Жарчысында» (2016), «Современные достижения аграрной науки» аттуу илимий конференцияда (2017), «Исторические, философские, политические и юридические науки, культурология и искусствоведение. Вопросы теории и практики» (Россия, Тамбов. 2017), “Глобальный научный потенциал” (2018, Россия, г.Санкт-Петербург) аттуу журналдарда апробацияланды.

**Изилдөөнүн негизги жыйынтыгы.** Диссертация К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин тарых жана философия кафедрасынын кеңейтилген жыйынында, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун философиянын теориясы жана тарыхы бөлүмүнүн кеңейтилген кеңешмесинде талкууланып, коргоого сунушталды.

Илимий изилдөөнүн негизги натыйжалары 15 илимий макалада жана 1 методикалык окуу куралда чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки главадан, беш параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 143 бет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**«Киришүүдө»** теманын актуалдуулугу, изилдөө даражасы мүнөздөлдү, изилдөөнүн объектиси, предмети, максаты менен милдеттери аныкталды, анын илимий программалар жана илимий мекемелердин изилдөө ишмердүүлүгү менен байланышы, иштин методологиялык жана теориялык негиздери, илимий жаңылыгы, коргоого сунушталган жоболор, диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы, апробацияланышы, иштин түзүлүшү жана көлөмү көрсөтүлдү.

**«Философемаларды изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери»** аттуу биринчи главада философема түшүнүгүн аныктоодогу теориялык жана методологиялык аспектилери каралып, анын коом болмушундагы булактары иликтенди.

**«Философемалар – философия тарыхынын башаты катары»** деген биринчи параграфта кыргыз элинин философемаларында кездешкен философиялык ой жүгүртүүлөр салттуу маданияттын түркүн артефактарында чагылдырылып, көркөм ой жүгүртүүнүн мурастарына сыйдырылган деп белгилеген. Философемалар салттуу маданияттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан, кыргыз элинин руханий жашоосун, алардын дүйнөнү кабылдоосун түшүнүү үчүн маданияттын ар кыл түрүн – мифоэпосторду, макал-ылакаптарды, акындар поэзиясын (XX кылымга чейинки), элдик салттар жана үрп-адаттарды, элдик ырларды, күүлөрдү, айтыштарды, кошокторду, материалдык маданияттын түркүн

формаларында, кол өнөрчүлүктө, улуттук аспаптарда, улуттук кийим, турак-жайда ж.б. философемалар сиңирилгендигин билүү зарыл. Албетте, бул түшүнүктөр жөнүндө классикалык философияда кеп кылууга мүмкүн эмес. Философиялык изденүүлөр, башкача айтканда, философемалар ар кандай элдин салттуу маданиятына иммаренттүү чырмалышып, жаратылыштын, адамдын, коомдун, анын социалдык байланыштары жана мамилелери, тарыхый өнүгүүнүн мыйзам-ченемдүүлүгү ж.б. проблемалар чагылдырылып, бирок, бул проблемаларга маани берүү өз алдынча жүргөн.

Автор бул бөлүмдө тарыхый-философия илиминде “философема” түшүнүгүнүн мазмунун ачып берет. Философема түшүнүгү философия лексиконуна алгач Аристотель тарабынан кирген. Философема сөзүнүн этимологиясы грек тилинен кирген philosóphēma, «силлогизм»; philosophéō деген сөздөн түзүлгөн, «философиялык ой жүгүртүү же билимге умтулуу». Аристотелдин аныктоосу боюнча, «философема – бул далилдөөчү ой корутунду» кандайдыр бир нерсени системалуу, логикалуу түрдө далилдөө катары берилген. Философема бул – аналитиканын каражаты жана натыйжасы, ошондуктан, бул толук логикалык аргумент. Аристотель философема түшүнүгүн логикалык элестөө призмасы аркылуу карайт. «Философема» терминин түшүнүү көп жылдар бою философияда өзгөрүүсүз сакталып келген.

XVII кылымдын аягында философема түшүнүгү англис диний кызматкери, кембридж платонизминин өкүлү Теофил Гейлдин эмгектеринде кездешет. Аристотелден кийин философема түшүнүгүн, ал«The Court of the Gentiles» («Суд язычников») аттуу эмгегинде “далилдөөнү талап кылбаган өзүнчө концепт, бекемдөө”деп аныктайт.

Бул түшүнүккө талдоо жүргүзүүгө аракет кылган кийинки изилдөөчү Гегель болгон, ал өзүнүн «Философия тарыхы боюнча лекцияларында» философеманы “философиялык фрагмент”, философиялык эмес чөйрөдө жашыруун кездешет деген аныктама берген.

Оксфорддук сөздүктө философема түшүнүгүнө философиялык ырастоо, теорема же аксиома, философиянын далили же тыянагы деген аныктама берилет.

Англияда 1913-жылы жарык көргөн Уэбстердин сөздүгүндө философема философиялык жобо, доктрина же ой жүгүртүү принциби деп аныкталат.˙

Мындан ары диссертант философема түшүнүгүн советтик, россиялык философтор В.С.Горский, Б.С.Крымский, В.С.Степин, В.А. Песоцкий, В.В. Картавцевдин эмгектеринде каралгандыгын иликтөөгө алат.

Философема түшүнүгүн белгилүү советтик философтор В.С.Горский жана Б.С.Крымский орто кылымдагы орус маданиятындагы философиялык

идеяларды кароодо философемаларга: маданий эстеликтеринин ичинде камтылган философиялык баалуу идеялар катары түшүнүк берген.

Эпистемология жаатын иликтеген орус изилдөөчүсү В.С.Степиндин далили боюнча философема философиялык рефлексиянын аныкталган деңгээлинин натыйжасы, ал философиялык эмес таануунун ар кандай тармактарында кездешет деп белгилеген.

Дагы бир орус изилдөөчүсү В.А. Песоцкий «Көркөм адабият социалдык кубулуш жана философиялык талдоонун предмети катары» аттуу монографиясында философемалардын өзгөчөлүктөрүн: билимдердин системалуу эместигин, фрагментардык мүнөзүн, философиялык эмес чөйрөдө философиялык билимдерди популяризациялоо үчүн каражат экендигин белгилейт. В.А.Песоций биринчилерден болуп философеманын төмөнкүдөй классификациясын: философема - *ой жүгүртүү*, философема - *концепция*, философиялык *система* деп сунуштаган. Философема философиялык билимдин түзүмүнүн орду боюнча В.А.Песоцкий: *Онтологиялык философема, гносеологиялык философема, социалдык философема* деп бөлүп көрсөтөт. Ал эми орус изилдөөчүсү В.В. Картавцев философема түшүнүгүн талдоодо бул феномендин онтологиялык, гносеологиялык, методологиялык, социалдык-практикалык аспекттерин ачып көрсөтөт. Ошону менен философемаларды маданияттын түзүлүшүнүн элементи катары карап, маани-маңызынын өзгөчөлүктөрүн изилдейт.

«Философема» түшүнүгү акыркы убакта көптөгөн изилдөөчүлөрдүн: А.А. Бекбоев, Г.Т.Ботоканова, О.Козубаев М, Жумагулов, Ы.М. Мукасов, О.А. Тогусаков, Н.Акматова, З.Рысалиева ж.б. эмгектеринде кыргыз философиясын талдоонун ар кандай аспекттеринде кездешет.

Диссертант кыргыз салттуу коом болмушундагы философемаларды орус изилдөөчүсү В.А. Песоцкийдин күнүмдүк жана теориялык деңгээлдеги деп белгилеген теориясына таянып: *күнүмдүк деңгээлдеги* философемаларга элдик оозеки чыгармалардагы, акындар поэзиясындагы философиялык мааниге ээ болгон ой жүгүртүүлөрдү жана идеяларды, ал эми *теориялык деңгээлдеги* философемаларга профессионалдык адабияттагы: А.Токомбаевдин, Ч.Айтматовдун, Т. Касымбековдун ж.б. олуттуу философиялык маалыматты камтыган, кээде анын негизи болуп эсептелген чыгармаларын киргизет.

Автор, философема түшүнүгүнө классикалык, орус жана ата мекендик философтордун эмгектеринин негизинде бардык изилдөөчүлөрдүн ойлору бирдиктүү экендигин белгилеп, төмөнкүдөй жыйынтыкка келди:

- философема – тарыхый-философиялык илимдин негизги булагы;
- философема – билимдин аныкталган бир түрү;
- философема – бул философиялык жактан маанилүү идея;
- философеманын дүйнө таануучулук мааниси бар;

- философема философиялык эмес тексттерде чагылдырылган;
- философема таанууну күнүмдүк жана теориялык деңгээлдеги карым-катыш камсыз кылат.

Мындан ары изденүүчү философеманын маани-маңызын терең ачып берүүдө А.Ф.Лосев, А.Е.Лукьянов, Ф.Х.Кессиди, Дж.Томсон, А.Н.Чанышев, А.В.Потемкиндин эмгектерине таянып «предфилософия» (философияга чейинки ой жүгүртүү), «протофилософия», «парафилософия», «философема» түшүнүктөрүнүн карым-катышын талдоого алат.

Изилдөөнүн негизинде диссертант мындай жыйынтыкка келет: **философема** – маданий эстеликтерде орун алган философиялык иреттеги ой-жүгүртүүлөрдүн, концепттердин жана идеялардын жыйындысы.

Кыргыз философиясы жеке гана оозеки, вербалдык булактарда гана көрсөтүлбөстөн, кол өнөрчүлүктө, архитектуралык жаратмандыкта, көркөм маданияттын ар кандай үлгүлөрүндө дагы кездешет. Башкача айтканда, философиялык билимдин философемалардагы элементтери маданий артефакттардын ар кандай түзүмүндө табылышы мүмкүн.

Биринчи главанын экинчи параграфы **“Кыргыз философемаларындагы коом болмушунун идеялык булактары”** деп аталып, философияга чейинки дүйнөгө болгон көз караштан калыптанган коомдун турмушундагы философемаларды ачып көрсөтүүдөгү негизги идеялык булактар талдоого алынат.

Дүйнөнү философиялык ой-жүгүртүү аркылуу таанууга чейин пайда болгон философемаларды изилдөө көйгөйү советтик, ата мекендик жана орус изилдөөчүлөрүнүн илимий эмгектеринде олуттуу орунду ээлеген. Көйгөйдү коюу маселеси, бир жагынан, изилдөөчүлөрдүн философиялык билиминин булагын табууга болгон илимий кызыгуусунан, экинчи жагынан, философия илиминин кыйла өнүгүшүнөн келип чыккан. Тарыхый-философиялык илимдин жетилген абалы өзүнүн байыркы башатын, ордун жана адамзаттын аң-сезиминин өнүгүшүндөгү маанисин аныктоону талап кылган.

Советтик тарыхый-философия илиминде философияга чейинки ой-жүгүртүү системасынын өзгөчөлүктөрү Ф.Х. Кессиди, А.Ф. Лосев, А.В. Семушкин, А.Н. Чанышев, М.И. Шахнович ж.б. илимий иштеринде атайын изилденген. Философтордун илимий иштеринде философияга чейинки дүйнөгө болгон көз караштын философиялык көз карашка бара-бара өтүшүнүн этаптарын изилдөө методологиясы иштелип чыккан. Философияга чейинки баштапкы аң-сезимдин жыйындысы, философиялык көз караштын пайда болуу жолундагы идеялык түзүлүштөрдүн түзүмү жана функциялары аныкталган, философиялык билимдин калыптанышынын жүрүшүн анализдөө үчүн категориялык аппараты иштелип чыккан, биринчи

философиянын дүйнөгө болгон көз карашынын даражасынын деңгээли такталган.

Байыркы чыгыш философиясынын калыптанышынын көйгөйлөрүн изилдөө маселелери Н.П. Аникеев, В.В. Бродов, В.Г. Буров, Ф.С. Быков, Г.Э Горохов, Н.И. Конрад, А.И. Кобзев, А.Е. Лукьянов, ж.б. илимий иштеринде чагылдырылган. Алардын илимий иштери башка элдердин философияга чейинки дүйнөгө болгон көз карашынын системасын изилдөө максатында баштапкы негиз катары каралган.

Салттуу коомдун өнүгүшү, өркүндөшү жана жаңыланышы М. Вебер, Э. Дюркгейм, Э. Тоффлер, С. Хантингтон, Ш. Эйзенштадт аттуу чет өлкөлүк философтор жана социологдордун илимий иштеринде каралган.

Мындан ары диссертант коомдун маңызын изилдөөнүн башатында турган классикалык философтордун эмгектерине токтолот. Анда негизги изилдөө чөйрөсү болгон адамдардын арасындагы мамилелердин табияты, көпчүлүк адамдардын оор тагдыры, эзүүчү жана эзилүүчүлөрдүн келишпестиги, адилеттүүлүк, адилетсиздик, теңсиздик жөнүндө биринчи ирет ойлонгон соң бул маселелерди тереңдетип изилдей башташкан. Алар: Платон, Аристотель, Августин, Николо Макиавелли, Томас Гоббс, Джон Локк, Ж.Ж. Руссо, Г.Гегель, К. Маркс, М. Вебер жана XX кылымдагы батыш философтору П. Сорокин, У.Ростоу Т. Парсонс, Д. Белл, Э.Тоффлер ж.б.

Андан соң изденүүчү Кыргызстандын философия тарыхы илимине токтолот. Кыргыз философемалары XX кылымдын 50-жылдары А.А. Алтмышбаевдин, А.Д. Давлеткельдиевдин жана М.С. Джунусовдун илимий иштеринде биринчи жолу философиялык дискурстун объектисине айланып, алардын илимий иштеринде XIX кылымдан – XX кылымдын башына чейинки мезгилдеги кыргыз элинин коомдук-философиялык ойлорунун тарыхы жана көрүнүктүү ойчул-акындар Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Барпы Алыкулов ж.б. философиялык көз карашы биринчи жолу олуттуу изилденгендиги белгиленет.

А.Алтмышбаевдин илимий иштеринде салттуу кыргыз коомунун турмушу философиялык талдоонун объектиси катары көрсөтүлөт. Изилдөө марксисттик-лениндик методологиянын негизинде жазылганына, «таптык мамиле принцибинин» абалынан каралганына карабастан бул иште салттуу кыргыз коомун терең изилдөө үчүн баалуу материалдар жана идеялар мол камтылган. Изилдөөчү макал-ылакаптарды, эпикалык чыгармаларды, акындар поэзиясын, профессионалдык адабиятты талдоонун негизинде этикалык, укуктук чектөөлөрдү, салттуу кыргыз коомунун бөлүнүшүн ачып көрсөтөт.

Академик А.Ч. Какеев: «А. Алтмышбаев жана Б. Аманалиев биринчилерден болуп макал-ылакаптарда камтылган философиялык акыл

ойду ачып көрсөтүү максатында мындай кеңири фольклордук топту – макал-ылакаптарды изилдегенге аракет кылышкан» деп белгилеген. [Какеев А.Ч. История философской науки в Кыргызстане.– Бишкек: Изд-во КРСУ, 2012. – С.19].

Б.Аманалиев өзүнүн изилдөөлөрүндө кыргыздардын дүйнө таануусунун өзгөчөлүктөрүн эске алып, ал биринчи ирет легендарлуу ойчулдар Асан Кайгы, Толубай Сынчы, Санчы Сынчы менен байланышкан материалдарды илимий колдонууга киргизет. XIX – XX кылымдын башындагы Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Алдаш Жээнике уулу, Ысак Шайбеков сыяктуу ойчулдардын чыгармачылык мурасын талдоого алышы изилдөөчүнүн татыктуу жетишкендиктеринин бири болуп саналат. Окумуштуунун изилдөөлөрүндө акындардын чыгармачылыгы философиялык талдоонун объектиси болуп, алардын катмарынан онтологиялык, гносеологиялык катардагы философиялык олуттуу идеялар бөлүнүп чыгарылган. Байыркы кыргыздардын дүйнө таануусу, диний ишенимдери, салттуу билимдери элдик оозеки чыгармачылыктын катмарына иманенттүү сиңирилген философемалардын негизинде кайра калыбына келтирилет.

Улуттук философиялык салтты бүгүнкү күнгө айкалыштыруу жана кыргыздардын тарыхый-философиялык мурасын жаңыча түшүндүрүү зарылчылыгына биринчилерден болуп академик А.Ч. Какеев көңүл бурган.

Изилдөөчү Кыргызстандагы революцияга чейинки коомдук-философиялык ойдун өзгөчөлүктөрүн талдап, кыргыздардын коомдук акыл оюнун негизги булактарын, элдик оозеки чыгармачылык, эмпирикалык билимдер, ойчул-акындардын чыгармачылыгында чагылдырылган дүйнө жана адам жөнүндө ойлонуу, коңшу элдердин маданиятынын ишмерлеринин мурасын аныктайт.

Тарыхый-философиялык илимдин советтик доордон кийинки мезгилге чейинки өнүгүүсүндө мурунку тарыхый түшүнүктөр жаңы деңгээлде кайра каралып, баалуулук багыттары өзгөрүлө баштагандан бери М.К. Абдылдаев, Н.Акматова, Ш.Б Акмолдоева, А.А. Бекбоев, Ж.Б. Бөкөшов, Г.Т. Ботоканова, А.К. Джусупбеков, А.Д. Донoнбаев, Ж. Жаныбеков, М.Ж.Жумагулов, А.Ч.Какеев, О.К. Козубаев, С.М. Мукасов, А.И. Нарынбаев, Н.И. Осмонова, Р.Д. Стамова, Ж. Урманбетова ж.б. илимий иштери айрыкча баага ээ болду.

Философиялык олуттуу идея – философемаларды бөлүп көрсөтүүдөгү өзүнчө аспектилерге арналган ата мекендик изилдөөчүлөрдүн иштерин талдоо советтик да, ата мекендик да философиялык адабияттарда «табигый философия», «демейки», «күндөлүк философия», «кадимки-практикалык таануу», «турмуштук философия» деген түшүнүктөрдүн алкагында философияга чейинки системанын өзгөчөлүктөрүн изилдөө багытында

белгилүү жылыш жасалганын күбөлөндүрөт. Бирок, ойчул акындардын дүйнөгө болгон көз карашынын маанилүү өзгөчөлүктөрүн, көп түрдүү фольклордогу көз караштын аспектилерин, кыргыз элинин турмушун ачып көрсөткөн иштеринин болгондугуна карабастан, биздин пикир боюнча, бул маселенин маңызы толук изилдене элек, тагыраак айтканда, оозеки чыгармалардан салттуу кыргыз коомунун маани-маңызын ачып көрсөткөн философемалары толугу менен бөлүп чыгарылган эмес. Жогоруда айтылгандар мурунку илимий иштердин маанисин төмөндөтпөйт, сөзсүз, алардын илимий эмгектери биздин иш үчүн зарыл фундамент.

**«Кыргыз философемаларындагы салттуу коомдун маани-маңызы»** аттуу экинчи главадагы негизги максат кыргыз салттуу коомунун социалдык байланыштарынын, мамилелеринин, көп түрдүүлүгүн жана социалдык стратификациясынын өзгөчө баалуулугун, ошондой эле, ааламдашуу доорундагы салттуу коомдун аксиологиялык маңызын ачып берүү болуп саналат.

Аталган главанын биринчи параграфы **"Кыргыз философемаларындагы салттуу коомдун социалдык байланыштарынын жана мамилелеринин чагылдырылышынын өзгөчөлүгү"** деп аталып, анда салттуу кыргыз коомунун болмушуна, мамилелерине жана социалдык байланышына анализ берүүдөн мурда өзүнүн түпкү маңызында уруулук коомдун социалдык туруктуулугунун факторунун бири болгон социалдык топторду ирилештирүү кызматын аткарган «салттуу коом» түшүнүгүнө анализ берилди.

Бул бөлүмдө диссертант заманбап социалдык философия илиминде салттуу жана техногендик коомдун принципиалдуу айырмачылыктарын баамдаган. Мындан ары автор салттуу коомдун өзгөчөлүгүнө токтолгон. Бул коомдо, белгилегендей, инновациялык ишмердүүлүк жогорку баалуулук катары каралган эмес. Ата-бабалардын туруктуу тажрыйбалары салттуу образга жана эрежелерге үстөмдүк кылып келген. Ишмердүүлүктүн түрлөрү жана алардын каражаттары, максаттары абдан жай өзгөргөн, жүздөгөн жылдар бою ошол эле көрүнүштөгү туруктуу стереотиптер жаңыланып турган [Степин В.С. Философия науки.– М.,2007. –С. 92.].

Бул бөлүмдүн негизги максаты кыргыз салттуу коомунун социалдык байланыштарынын жана мамилелеринин өзгөчө баалуулугун, көп түрдүүлүгүн ачып берүү болуп саналат. XX кылымга чейин кыргыз этносунун салттуу коомунун мал чарбасы көчмөн жана жарым көчмөн шартта, феодалдык, феодалдыкка чейинки, патриархалдык-уруулук коомдук мамиленин калдыктары менен айкалышып, жашап өнүккөн.

Салттуу коомдун белгилүү бир өзгөчөлүгү туруктуу өнүгүүнүн негизги факторлорунун бири белгиленген баалуулуктарды өнүктүрүүгө багытталган, билим, билгичтик, практикалык көндүм, салттуу каадалар,

жөрөлгөлөр, руханий баалуулук, муундан-муунга жеткирген муундардын үзгүлтүксүздүгү сыяктуу идеяны негиздейт. Так ошол муундан-муунга үрп-адатты, каада салтты, салттуу билимди жеткирүү процессинде утилитардык эле эмес, аксиологиялык мааниге ээ болгон калктын уникалдуу материалдык жана руханий азыктарын трансляциялоо процесси жүрөт.

Салттуу кыргыз коомунун социалдык мамилелери этностун түпкү баалуулуктарынын өзгөчө үлгүлөрүн, адаттарын жана салттарын колдонууга багытталган.

Изденүүчү элдик оозеки чыгармаларынын, акындар поэзиясынын, профессионалдык адабиятынын, алгачкы агартуучулардын эмгегинин негизинде философемаларды талдап, кыргыз салттуу коомунун социалдык байланыштарына жана мамилелерине терең анализ жүргүздү.

Кыргыз салттуу коомунун социалдык байланышына анализ берүүдөн мурда автор америкалык социолог Н.Смелзердин концепцясына таянып, социалдык байланыштардын эки: экспрессивдүү жана инуструменталдык түрүнө токтолгон. *Экспрессивдик социалдык байланыш* – адам башка элдердин көйгөйүн эмоционалдуу кабыл алып жана ага карата жоопкерчиликти өзүнө алууга катышуудан түзүлгөн социалдык байланыш. Биз үчүн кандайдыр бир мааниге ээ болгон башка адамдар менен байланыш түзүү аркылуу биз ишенимдүүлүк, сүйүү, достук жана жеке мааниге кожоюн сезимди билдирүүгө жетишебиз. *Инструмен-талдык социалдык байланыш* – кандайдыр бир максатка жетүү үчүн инсандардын кызматташтыгынын жыйынтыгынан улам пайда болгон социалдык байланыш. Кээ бир учурда бул байланыш душмандардын кызматташтыгынын ортосунда да болуп калышы мүмкүн. Көпчүлүк учурда биз башка адамдар менен кошумча башка байланыштарга маани бербей эле, кандайдыр бир максаттарды көздөп кызматташабыз.

Диссертанттын пикири боюнча салттуу кыргыз коомунун социалдык байланышы экспрессивдүү мүнөзгө ээ болуп, ошону менен катар эле, адам коммуникация процессинде башка элдердин көйгөйүн өзүнүкүндөй эмоционалдуу кабыл алуу менен катышат жана ага карата милдеттемелерди алат. Так ушул консолидациялык кызматты аткарган салттуу коомдун социалдык топторундагы социалдык байланыштын аркасы менен индивид ишенимдүүлүктү, моюнга алууну, өздүк маанилүүлүктү сезет.

Андан соң диссертант кыргыз салттуу коомунда төмөнкү социалдык байланыштарга: “саан берүү”, “күч”, “ат майы”, “мингич”, “союш”, “чыгым”, “кошумча”, “конок алуу”, “жүн берүү”, “ашар”, “өрүлүктөө” ж.б. анализ жүргүзөт. Автор бул жерде кыргыздардын протофилософия жана парафилософиянын тереңинде камтылган философемалар, кыргыз элинин салттуу коому кылымдар бою өзгөрбөй, бул социалдык байланыштар

коомдун туруктуулугун, стабилдүүлүгүн сактап бекемдейт деген идеяны негиздейт.

Диссертант мындан ары орус изилдөөчүсү М.Гавриловдун 1927-жылы жарык көргөн эмгегинен мисал келтирген. Ал кыргыз салттуу коомунун социалдык байланыштарынын “Жарды таптарынын арасында ар кандай өз ара жардамдашуунун түрлөрү байкалат, мисалы, “ашар” – бир кыштоодо жашоочулардын арасында өз каалоосу менен бири-бирине жардамдашуусу. Мындай жардам бир нече күнгө чейин болуп, үй куруудa, талаачылыкта ишке ашырылган. Ашарга чакырган адам, адатта, сөзсүз мал союп (эчки, козу) тамактандырууга милдеттүү болгон.

Изденүүчү кыргыз философемаларында салттуу коомдун социалдык байланыштары менен бирге мамилелерин да терең чагылдырган. Диссертант белгилүү социолог М.Вебердин концепциясына таянып, кыргыз этносунун социалдык мамилелери түптөлгөн дөөлөттөргө, салттуу нормаларга жана үлгүлөргө, буга чейинки муундардын тажрыйбасынын туура жактарын иргеп алууга багытталгандыгын, алар салттуу коомдун туруктуу өнүгүүсүндө маанилүү факторлордон болушкандыгын белгилейт.

Кыргыз салттуу коомундагы социалдык байланыштардын жана мамилелердин ордун жана ролун ар тараптуу ачып берүүдө диссертант элдик оозеки чыгармачылыкты гана анализге албастан, Жусуп Баласагын, Арстанбек, Алдаш Жээнике уулу, Молдо Кылыч, Токтогул, Тоголок Молдо, Жеңижок, ж.б. даанышман акындардын эмгектериндеги философемалар аркылуу талдоого алат.

**«Салттуу кыргыз коомундагы социалдык стратификация жана теңсиздик»** деген экинчи параграфта салттуу кыргыз коому социалдык стратификациясынын өзгөчөлүктөрү, көптөгөн кылымдардан бери дээрлик XX кылымга чейинки учур камтыгандыгы каралат. Диссертант кыргыз салттуу коомунун социалдык түзүлүшү кылымдар бою өзгөрүүгө учурабагандыгын, кыргыз коому патриархалдык, уруучулук салтка негизделген, байыркы замандарда түптөлгөн коомдогу жашоо-турмушту сактап калууга умтулган, уруулук биримдик жана уруунун кызыкчылыгын көздөгөндүгүн талдоого алат.

Бул параграфта коомдун өнүгүшү, түзүлүшү, стратификациясы көптөгөн ойчулдардын изилдөө объектисине айлангандыгын изденүүчү баса белгилеп, коомдун түзүлүшү жөнүндөгү ой-жүгүртүүлөр Египет, Вавилон, Индия жана Кытайда кездеше баштагандыгын талдоого алат. Изилденип жаткан материалдар жалпыланып, Платон, Аристотель, Августин, Н. Макиавелли, Ж. Баласагын, М. Кашгари, Т. Мор, Т. Кампанелла, Т. Гоббс, Ж-Ж. Руссо, Г. Гегель, М.Вебер ж.б. эмгектеринде тарыхый-философиялык ойлорундагы социалдык стратификация жана теңсиздик жөнүндө суроолор анализге алынат. Автор Ш.Б Акмолдоева,

А.Алтмышбаев, Г.Ботоканова, М.Гаврилов, Б.Жамгырчинов, А.Какеев, Ы.Мукасов, Б.Солтоноев ж.б. салттуу коомдун болмушу тууралуу ишелип чыккан изилдөөлөрүн андан ары өнүктүрөт.

Диссертант салттуу коом болмушундагы социалдык теңсиздикти ачып берүүдө макал-ылакаптарда, эпостордо, акындар чыгармачылыгында (Санчы Сынчы, Асан Кайгы, Токтогул ырчы, Жеңижок, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Токтогул Сатылганов) ж.б. философемалардын имплициттик түрдө камтылгандыгын терең талдоого алат.

Изденүүчү диссертацияда орто кылымдагы түрк элдеринин улуу ойчулдары Жусуп Баласагын өзү жашаган коомдун ички түзүлүшүн, адамдардын социалдык абалын, маселен: *мал-мүлкүнө карап бай, кедей, ортолук деп, ал эми ишмердүүлүгү боюнча дыйкандар, кол өнөрчүлөр, соодагерлер ж.б.* деп бөлүп карагандыгын, ал тууралуу ой-жүгүртүүсүн феодалдык коомдун социалдык-таптык түзүмүн анализдөөгө алса, Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө байыркы мезгилден баштап, караханид коомуна чейинки учурдагы түрк элдеринин коомдук өнүгүүсүнүн айрым маселелерин чагылдырып, коомдогу социалдык жиктелүүнү: кул (раб), күң (рабыня), кембагал (бедняк), бег (бек), жамаат (социальная группа), урук (род), кабила (племя), эл, халк (народность) деп бөлүп, ойчул өзгөчө ар бир уруу жашаган аймакты өз-өзүнчө сүрөттөйт. Анын ою боюнча “Көчмөн малчыларда кандаш тууганлык мамилелер маанилүү болуп кала берген. Ал эми отурукташкан элдерде мүлктүк теңсиздик коомдук катмарларга бөлүнүүгө алып келген” деп билдирген. Диссертант кыргыз салттуу коом болмушунун социалдык стратификациясын анализдөөдө көрүнүктүү орус-америкалык окумуштуу П.Сорокиндин концепциясына таянган.

П.Сорокиндин социалдык концепциясын өркүндөтүп, диссертант Б.Солтоноевдин белгилүү эмгегине таянып, салттуу кыргыз коомундагы социалдык стратификациясындагы : *хан, бай, манап* (чоң манап, чынжырлуу манап, чала манап, чолок манап, букара манап), *бий, баатыр(*көк жал, илекор баатыр, жеке баатыр, ээрчиме баатыр, айласыз баатыр), *букара, кедей* (томаяк кедей, кара кашка кедей же кежир кедей, малай, жалчы, жылкычы, коңшу колоңчу, жакыр кедей, аштыкчы, койчу), *кул (*боору такыр кул, үйдө туума кул же тондуу кул, төшөккө жатар кул, жумшатылып келген кул, калыңга келген кул, байгеге сайылып келген кул, жоодон түшкөн кул, түпсүз кул, сатып алган кул же кесик кулак кул) социалдык топторду анализге алат. Ар бир социалдык топтордун ички түзүмүнө токтолуп, макал-ылакаптардан, мифо-эпикалык чыгармалардан, акындар поэзиясындагы философемалар аркылуу талдоо жүргүзүлөт.

Андан ары изденүүчү академик А.Алтмышбаев революцияга чейинки кыргыз элинин коомдук жашоосун талдап жатып, “XIX кылымдын ортосунда бийликте тургандар кыргыздарда “кан”, “баатыр”, “жакшы” ж.б.

деп аталган. Болжол менен XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында орус административдик укугунун үлгүсү боюнча жөн гана “падыша”, “начальник” (“ачендик”), “болуш” (волостной), “старчын” (старшина), “жасоол” (есаул) ж.б. деп аталып калгандыгын” баса белгилейт [Октябрь и развитие общественного сознания киргизского народа. – Фрунзе: Илим, 1980. – С.32-33]. Диссертант “Манас” эпосу, акындар поэзиясындагы (Арстанбек, Молдо Кылыч, Жеңижок, Тоголок Молдо) элибиздин тагдыры, жашоо-тиричилиги менен тыгыз байланышта болгондуктан, алардын чыгармаларындагы көйгөйлөр коомдогу социалдык катмарлардын өзгөчөлөгүн, ички түзүлүшүн, карым-катышын ырлары аркылуу элге тартуулап келгенин талдоого алган.

Ал эми кыргыз салттуу коомунун социалдык байланыштары тууралуу орус изилдөөчүсү М.Гаврилов 1927-жылы жазган эмгегинде “Социалдык шатынын төмөнкүлөрү “букара” (кедейлер), “жарды” кедейлерден болушат. “Жарды” – мааниси эч бир мүлкү жок, болсо да бир аз болгон коомдун мүчөлөрү болгон. Буларга: жалданма жумушчулар, жери, малы жоктор, тагыраак айтканда, бул түргө кедейлердин бардык түрү, малайлар, жылкычы, койчулар кирген” деп белгилейт [Гаврилов М. Классовый состав “букары” горной Киргизии. В кн.: под.ред. Б.Б.Карп и И.Е.Суслова “Современный аул Средней Азии” (социально-эконом.очерк). вып. X, Ташкент, 1927. С. 195].

Бул бөлүмдө диссертант кыргыз салттуу коомунун социалдык ажырымы татаал түзүлүштөгү, социалдык стратификациянын ачык тибинде болгондугун, коомдун мүчөлөрү социалдык мейкиндикте өзүлөрүн салыштырмалуу эркин алып жүргөндүгүн, б.а., коомдогу бир катмардан экинчи бир катмарга өтүүгө мүмкүнчүлүк болгондугуна корутунду чыгарган.

**«Салттуу коомдун туруктуулугунун ааламдашуу шартындагы аксиологиялык маңызы»** деген үчүнчү параграфта изденүүчү тарабынан ааламдашуу түшүнүгү тууралуу кеңири маалымат берилет. Ааламдашуу – бул объективдүү, адамзаттын заманбап турмушунун табигый процесси болуп, жылдан жылга дүйнөлүк процесстин маанилүү багытына айлана баштагандыгы баса белгиленет.

Изденүүчү бул түшүнүктү адамзаттын келечегинин жаңы мүмкүнчүлүктөрү камтылган кайтарылгыс процесс экендигин, аламдашуу шартында салттуу коомдун бирден-бир мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп *вестерндешүү* саналаарын, ал батыш маданиятынын коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүнө таасир этип, батыштын өнүгүү сценарийин ишке ашырып, ошону менен салттуу коомдун ички өзөктүү, эндогендик факторлорун танып жаткандыгын анализге алат.

Андан соң вестерндешүү процесси улуттук өзгөчөлүктөрдү жоюп жиберип, өзүнчө бир башкача болгон маданиятты жана эч ким жооп бербеген массалык батыш маданиятына алмаштырууга аракет кылуусун, бул процесстин ааламдашуу доорунда өзгөчө активдүү болгондугун Ж. Бөкөшов, Р.Д Стамова, В.Г. Федотова, Ж.К. Урманбетова, Ч.Чотаеванын эмгектерине таянып диссертант талдоого алат.

Азыркы ааламдашуу процесси, негизинен, жергиликтүү жамааттардын алкагында чектелген адамдардын ортосундагы салттуу байланыштардын аалам масштабындагы көптүк, жекеленбеген жана функционалдуу байланыштар менен алмашуусу бир муундан экинчи муунга жогорку деңгээлдеги моралдык баалуулуктардын берилүү механизминин бузулушу, б.а., муундан-муунга өтүп келе жаткан баалуулуктарды сактап калуу коркунучу пайда болду. Мисалы: үй-бүлө маселеси, ата-эне менен балдардын ортосундагы байланыш, ата-бабадан келе жаткан ырым-жырымдар, тыюулар, ишенимдер, кийинүү, тамактануу, жүрүм-турум маданияты.

Биздин оюбузча, ааламдашуу салттуу маданиятка эки тараптан таасир берет. Бир жагынан, ал көп кылым ичинде өнүгүүнүн натыйжасында калыптанган, бирок техногендик цивилизациясынын күчүнө туруштук бере албаган каада-салттарды жана үрп-адаттарды бир өңчөйлөтүп, айырмачылыктарын жылмалайт. Бул “өз” жана “бөтөн” маанилеринин чек арасын жоготуп, маданияттын жаңы формаларына алып келет. Маданияттардын мындай айкалышы айрым индивиддердин турмушунда гана эмес, бүтүн коомдун мүнөздөмөсүндө байкалат. Натыйжада, белгилүү бир маданиятка же жамаатка таандык эмес, ар түрдүү маданияттын кесилишиндеги өтмө абалда турган адам пайда болот. Башкача айтканда, өзүнүн тамырларын, маданиятын жоготкон, өз жеринен ажыратылган, ошол эле учурда, башка маданияттын таасирине кирбей калган маргинал адам пайда болот. Экинчи жагынан, ааламдашуу этностордун оор абалдан чыгуусуна, өзүнүн тарыхый-маданий, социалдык болмушундагы башаттарды издөөгө жол ачат.

Бул бөлүмдө диссертант салттуу коомдогу туруктуу байланыштарга ааламдашуу процессинин  таасири тийип жаткандыгын талдайт. Дал ушул социалдык байланыштардын кызматы аркылуу салттуу коомдо индивид өзүнүн ишенимдүүлүгүн, жеке баалуулугун сезген. Заманбап шартта салттуу коомдогу социалдык байланыштарды жана мамилелерди кайра жандандыруунун зарылчылыгы жок болсо дагы, ошол эле учурда, социалдык байланыштардын айрым элементтерин жандандырууга зарылдык пайда болуп, ал бүгүнкү күндө  консолидациялык жана этностун иммундук ар тараптуу системасынын кызматын аткарат.

Мындан ары ааламдашуу процессинин массалык миграция деген азыркы шарттагы оор процессине болгон таасири каралат. Бул процесс жакшы элес калтырганы менен, ошол эле учурда, социомаданий аспектинин, атап айтканда, салттуу үй-бүлөнүн кыйрашы, балдардын ата-энесиз тарбияланышы, маданий тамырын жоготуу, эне тилин, муундар аралык үзгүлтүксүздүк, баалуулуктарды өткөрүп берүү механизми жана салттуу коомду аныктоо сыяктуу жактарына терс таасир этет.

Диссертанттын пикири боюнча, ааламдашуунун дагы бир маанилүү натыйжасы болуп, динди жайылтуунун таасири эсептелет.

Андан ары диссертант коомдогу заманбап кырдаал жаштардын адептик багыттагы, айталык, кароосуз калган балдар, карылар үйүндөгү жашы өтүп калган адамдардын санынын көбөйүшү, ж.б. ушул өңдүү терс тенденциянын курчушуна токтолуп, бул жагдай салттуу коомдун руханий баалуулугун жандандыруу жөнүндөгү маселени актуалдуу кылаарын айтат.

Изденүүчү салттуу коомдо муундан-муунга келе жаткан этикалык жана этикеттик нормаларды билбөө, тарбиянын жоктугу катары эсептелгендигин айтып, мисалы: көчмөн кыргыздардын күнүмдүк турмушунда бардыгына бирдей тиешелүү – керегеге бутуңду артпа, түндүктүн жибине артылба, босогону баспа, түндүктү, баканды аттаба, эшикти тээп ачпа, казанды, идишти аттаба, бөйрөк таянба, далыңды салба, эшикти кулачтаба, колунду төбөңө алба, коломтону аттаба, кишини аттап өтпө, чачыңды жайба, улуу кишинин алдын кыя өтпө ж.б. тыюу эрежелери болгондугун белгилейт. Салттуу коомдун этикеттик нормаларын бузуу оройлук, тарбиясыздык катары эсептелип, адам коомунун баалуулугунун негизги принциптеринин маңызы катары каралган.

Диссертант элдин этникалык иденттүүлүгүн сактоо үчүн маданияттарды бир калыпка келтирүү жана унификациялоо агымында сүрүлүп жоголбостон, дүйнөлүк маданий өнүгүү процессинин системасында өзүнүн ордун белгилеп, уникалдуу маданий аймагын, тилин, салтын сактап, ошол эле учурда, ааламдашып жаткан дүйнөгө ыңгайлашуусу зарыл деп эсептейт.

**Кыргыз философемаларындагы коом болмушуна арналган изилдөөнүн жыйынтыгында төмөнкүдөй корутунду чыгарылды**:

1. XX кылымдын башына чейинки кыргыз элинин философиялык ойлорун таанып-билүүдө кыргыздардын руханий жан дүйнөсү вербалдык маданияттын ар түрдүү формаларында камтылган жана философиялык ойлору ошол мезгилдеги лирикалык-поэтикалык аң-сезимине имманенттик түрдө жуурулушкан.

2. Философиялык көз караш дайыма эле рационалдашкан, логико-методологиялык түрдө чагылдырылбайт, белгилүү баскычта чындыкты руханий-тажрыйбалык өздөштүрүү нугу боюнча өнүгүп, философема

түрүндө таанылат. *Философема* – маданий эстеликтерде орун алган философиялык иреттеги идеялардын, концептердин жыйындысы.

3. Элдик оозеки чыгармаларда, акындар поэзиясында камтылган күнүмдүк философемаларда салттуу коомдун социалдык байланыштары менен мамилелери терең ачылып, алар көчмөн коомдун байыркылыгын, калыптанышын, өнүгүшүн, өзгөчөлүгүн чагылдырган. Кыргыз салттуу коомунда индивидди социалдаштыруу кандаш, туугандык байланыш аркылуу жүргөн, уруунун иш-аракети, жүрүш-турушу, алдыга койгон кадамдары жамааттын катуу көзөмөлүндө болгон. Мындай көзөмөл индивиддин жоопкерчилигин жамаатка жүктөө менен, адамды ар кандай жосунсуз жоруктардан, ойлонулбай жасаган кадамдардан алыстатуу аркылуу анын инсан катары өнүгүүсүнө туура багыт берген.

4. Кыргыз салттуу коомунда социалдык байланыштар: "саан берүү", "күч", "ат майы", "мингич", "союш", "чыгым", "кошумча", "конок алуу", "жүн берүү" , "ашар", "өрүлүктөө" ж.б. түшүнүктөр менен аныкталат. Бул байланыштар экспрессивдүү мүнөзгө ээ болуп, адам башка элдердин көйгөйүн эмоционалдуу кабыл алуу менен ага карата жоопкерчиликти өзүнө алган. Бул социалдык байланыштар салттуу коомдо негизги мааниге ээ болуп, адамдардын ортосундагы ишенимдүүлүк, сүйүү, достук жана жеке мааниге ээ болгон сезимдерди өркүндөткөн. Ошондуктан, кыргыз элинин салттуу коому миңдеген жылдар бою өзгөрбөй, бул социалдык байланыштар коомдун туруктуулугун сактап бекемдеген. Кыргыз эли өз каада-салтын кылымдан кылымга турмуш шартына, улуттук менталитетине, табитине ылайык түптөп, улам кийинки муундарга рухий кенч, мурас катары калтырган. Аймактык-убакыт мейкиндигинде муундар арасындагы олуттуу социалдык байланыштардан болгон социалдык тажрыйбаны топтоо жана муундан-муунга өткөрүп берүү жөндөмдүүлүгүнө ээ каада-салт жана үрп-адат элдин этникалык эстутуму катары каралып, этникалык өзүнчөлүктүн негизин түзөт.

5. Коом болмушу тууралуу макал-ылакаптар алгачкы коомдук түзүлүштөн тартып ар бир доордун мүнөзүнө жараша тынымсыз өзгөрүп турган. Алар улам кийинки шартка «ылайыкташып», замандын талабына жооп берип, таасирин тийгизип, этностун көз караштык, таанымдык, гуманисттик жана аксиологиялык баалуулуктарын арттырып турган. Салттуу коомдун баалуулуктары ошол элдин кылымдап чогулткан этикалык, педагогикалык, этикеттик тажрыйбасынын негизинде калыптанган билими. Ал кыргыздардын этникалык аң-сезиминин, коом таанымынын өзгөчөлүктөрүнүн жана тарыхый жашоо шартынын негизинде калыптанган. Элдин жашоо маданиятында, адамдын төрөлүп маркум болгонго чейинки өмүрү, негизги баалуулуктар аркылуу ар кандай турмуштук жагдайлардагы иш-аракеттери ырааттуу жөнгө салынган.

6. Кыргыз салттуу коомунун социалдык дифференцациясы татаал түзүлүштөгү, социалдык стратификациянын ачык тибинде болуп, коомдун мүчөлөрү социалдык мейкиндикте өзүлөрүн салыштырмалуу эркин алып жүргөн. Б.а., коомдогу бир катмардан экинчи бир катмарга өтүүгө мүмкүнчүлүк болгон. Коомдогу өзгөрүүлөрдү сын көз менен кароодо, социалдык теңсиздикти, түзүлүштү талдоодо макал-ылакаптар, мифо-эпикалык чыгармалар, акындар поэзиясы өтө ыңгайлуу форма болгон. Аларда социалдык-саясий жана адеп-ахлактык көйгөйлөр, коомдун түзүлүшү, прогрессивдүү өнүгүүсү, теңчилдик сыяктуу маселелер көтөрүлөт.

7. Азыркы шартта үй-бүлөлүк милдеттерге берилгендик, улууларды урматтоо, кичүүлөргө камкордук, ата-эне менен балдардын ортосундагы сый-урмат жана жардам сыяктуу баалуулуктар бүгүнкү күндө чоң аксиологиялык мааниге ээ. Тарбиянын бул принциптери жалпы адамзаттык принциптери болуп, салттуу коомдун адеп-ахлактык кодексин аныктайт. Ошону менен көп этникалык аймакта мультикультурализм, конфессия арасындагы диалог толеранттык аң-сезимди калыптандырууга жана элдин этникалык өзүнчөлүгүн сактоого мүмкүнчүлүк берет.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү макалаларда чагылдырылды:**

1. **Шейшенбаева А.М.** Кыргыз философемаларындагы коом таанымы [Текст] /А.М. Шейшенбаева //Гуманитарные проблемы современности ИФиППИ НАН КР. Выпуск 11. – Бишкек, 2010.–83-88-б.
2. **Шейшенбаева А.М.** Кыргыз коом таанымындагы макал-ылакаптардын орду [Текст] / А.М. Шейшенбаева //Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы, –№5. 2012.– 210-212-б.
3. **Шейшенбаева А.М**. Кыргыздардын эпикалык чыгармаларындагы жана элдик поэзиядагы коом түзүлүшү [Текст] /А.М. Шейшенбаева //Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – №5. 2012.–213-216-б.
4. **Шейшенбаева А.М.** Коомдун стратификация түшүнүгү [Текст]/ А.М.Шейшенбаева //Гуманитарные проблемы современности ИФиППИ НАН КР Выпуск 15. – Бишкек, 2012, –60-64-б.
5. **Шейшенбаева А.М.** Кыргыз эпикалык чыгармаларындагы коом таанымы [Текст] /А.М. Шейшенбаева //Гуманитарные проблемы современности ИФиППИ НАН КР. Часть 1. Выпуск 18. – Бишкек, 2013. – 143-150-б.
6. **Шейшенбаева А.М.** Легендарлуу ойчулдардын коом таанымы [Текст]/ А.М.Шейшенбаева //Вестник ОшГУ.– №4. 2015.–210-214-б.

**7. Шейшенбаева А.М.** К характеристике традиционного общества[Текст]/ А.М. Шейшенбаева //Высшая школа. Уфа.– №24. 2016.– С. 41-44.

8. **Шейшенбаева А.М.** Эпостор-руханий жана материалдык баалуулуктарды таанып билүүнүн булагы катары [Текст]/ А.М. Шейшенбаева //Вестник ИФиППИ НАН КР.– №2. 2016.–222-226-б.

9. **Шейшенбаева А.М.** Акындар поэзиясы коомду таанып-билүүнүн булагы катары [Текст] /А.М. Шейшенбаева //Наука новые технологии и инновации Кыргызстана.–№1. 2016.–150-152-б.

10. **Шейшенбаева А.М.** Салттуу кыргыз коомунун социалдык катмарларынын өзгөчөлүктөрү [Текст] /А.М. Шейшенбаева //Известия вузов Кыргызстана.– №1. 2016.–121-124-б.

11. **Шейшенбаева А.М.** Ж.Баласагындын философемаларында коом мамилелеринин чагылдырылышы[Текст] /А.М.Шейшенбаева //. Вестник ИФиППИ НАН КР.– №3. 2016.–143-146-б.

12. **Шейшенбаева А.М.** Роль философем в историко-философской науке [Текст] /Г.Т. Ботоканова., А.М. Шейшенбаева //Исторические, философские, политические и юридические науки,культурология и искусствоведение. Вопросы теории и практики. – №4(78) 2017 Россия, г.Тамбов. Изд-во Грамота. – С 33-35.

13. **Шейшенбаева А.М**. Кыргыз макал-ылакаптарындагы коом болмушу [Текст] /А.М. Шейшенбаева //К.И. Скрябин атындагы КУАУ.Жарчысы. – №3 (44) – 2017. – 155-159-б.

14. **Шейшенбаева А.М**. Ааламдашуу доорундагы салттуу коомдун аксиологиялык маңызы [Текст] /А.М.Шейшенбаева //Известия вузов Кыргызстана. – № 8.– 2017. –121-123-б.

15. **Шейшенбаева А.М.** Традиционная культура через призму современности [Текст] /А.М.Шейшенбаева //Глобальный научный потенциал. Россия, г.Санкт-Петербург – №1(82). –2018. –С. 54-57.

**Шейшенбаева Аида Муканбетовнанын “Кыргыз философемаларындагы коом болмушу” темасындагы 09.00.03 – философия тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**


## РЕЗЮМЕ

**Түйүндүү сөздөр:** салттуу коом, коом болмушу, философемалар, стратификация, социалдык байланыш, социалдык мамилелер, дифференциация, теңсиздик, ааламдашуу, аксиология.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Изилдөөнүн объектиси – кыргыз салттуу коомунун өнүгүү контекстиндеги коом болмушу саналат.

Изилдөөнүн предмети катары салттуу кыргыз коом болмушунун социалдык байланыштарынын, мамилелеринин, стратификациясынын маңызын чагылдыруучу философемаларга философиялык рефлексиянын деңгээлинде анализ жүргүзүү болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты** – кыргыз салттуу коом болмушунун маңызын тарыхый-философиялык рефлексиянын негизинде анализдөө.

**Диссертациянын теориялык жана методологиялык негизи.**

Диссертациянын методологиялык негиздери болуп диалектиканын универсалдуу принциптери: объективдүүлүк, жалпы байланыш, өнүгүү, системалуулук, карама-каршылык, детерминизм жана жалпы логикалык методдор - тарыхыйлуулук жана логикалуулуктун биримдиги, анализ жана синтез, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү түздү. Ошондой эле тарыхый-салыштырма, конкреттүү-тарыхый ыкмалары, экстраполяция, герменевтикалык ж.б. усулдар колдонулду.

**Изилдөөнүн негизги илимий жаңылыгы.** Диссертацияда тарыхый-философиялык рефлексиянын деңгээлинде элдик оозеки чыгармалардагы, акындар поэзиясындагы жана профессионалдык адабияттагы имманенттүү түрдө камтылган, кыргыз элинин салттуу коом болмушунун маани-маңызына концептуалдык талдоо жүргүзүлдү. Кыргыз салттуу коомунун социалдык байланыштарынын жана мамилелеринин экспрессивдүү мүнөзү социалдык-философиялык концепциянын призмасы аркылуу ачылып, талдоого алынды.

Салттуу кыргыз коом болмушунун маани-маңызынын бүтүндүгүн көрүүдө, социалдык стратификациянын өзгөчөлүктөрү иликтенди. Ааламдашуу доорунда кыргыз салттуу коомунун туруктуулугунун мааниси жана аксиологиялык баалуулуктарынын өзгөчөлүктөрү изилденди.

**Колдонуу чөйрөсү.** Диссертациянын теориялык-методологиялык жыйынтыктарын философиянын тарыхы, манастануу, кыргыз философиясы, маданият таануу боюнча атайын курстарды даярдоодо, лекцияларда, семинардык сабактарда таяныч база катары колдонууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Шейшенбаевой Аиды Муканбетовны на тему: «Бытие общества в кыргызских философемах», представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.03 – история философии.**

**Ключевые слова:** традиционное общество, бытие общества, философемы, социальные связи, социальные отношения, дифференциация, неравенство, глобализация, аксиология.

**Объект и предмет исследования.** Объектом исследования выступает бытие традиционного кыргызского общества в контексте его развития. Предметом исследования является анализ на уровне философской рефлексии философем, отражающих сущность социальных связей, отношений, социальную стратификацию бытия традиционного кыргызского общества.

**Цель диссертационной работы** заключается в осуществлении целостного анализа сущности бытия традиционного кыргызского общества на уровне историко-философской рефлексии.

**Теоретические и методологические основы диссертации.** В качестве методологических основ диссертации были использованы универсальные принципы диалектики: объективность, всеобщей связи, развития, системности, противоречия, детерминизма и общелогические методы – единство исторического и логического, анализа и синтеза, переход от абстрактного к конкретному. Также были использованы методы сравнительно-исторического, конкретно-исторического анализа, экстраполяции, герменевтики и т.д.

**Научная новизна исследования.** В диссертации на уровне историко-философской рефлексии был проведен концептуальный анализ сущности бытия кыргызского традиционного общества на основе философем, имманентно вкрапленных в ткань устного народного творчества, акынской поэзии и художественной литературы; раскрывается экспрессивный характер социальных связей и отношений кыргызского традиционного общества через призму социально-философской концепции; в целях целостного видения содержательно-сущностных основ бытия традиционного кыргызского общества раскрываются особенности его социальной стратификации; исследовано значение устойчивости кыргызского традиционного общества и особенности его аксиологических ценностей в условиях глобализации.

**Рекомендации по использованию:** теоретико-методологические выводы диссертации могут быть использованы при подготовке специальных учебных материалов, лекций, семинаров по курсам «История», «Философия», «Манасоведение», «Кыргызская философия», «Культурология».

## RESUME

**Theses of Sheishenbaeva Aida Mukanbetovna on the theme: "The existence of society in Kyrgyz philosophems", submitted for the degree of candidate of philosophycal science on specialty 09.00.03 - History of philosophy**

**Key words:** traditional society, being of society, philosophies, social link, social relations, differentiation, inequality, globalization, axiology.

**The object and subject of research.** The object of research is the existence of a traditional Kyrgyz society in the context of its development. The subject of the study is an analysis at the level of philosophical reflection by a philosopher about the essence of the existence of traditional Kyrgyz society, reflected in oral folk art, poetry of akyns and professional fiction.

**The purpose of the research:** the study of the essence of the existence of traditional Kyrgyz society at the level of historical and philosophical reflection.

**Theoretical and methodological foundations** of the work. As the methodological foundations of the thesis, the universal principles of dialectics were used: objectivity, universal connection, development, systemic, contradictions, determinism and general methods - historical and logical unity, analysis and synthesis, transition from abstract to concrete. Methods of comparative historical, concrete historical analysis, extrapolation, hermeneutics, etc. were also used.

**Scientific novelty of the study.** In the thesis at the level of historical and philosophical reflection, a conceptual analysis of the essence of the existence of the Kyrgyz traditional society on the basis of philosophically imbedded in the fabric of oral folk art, akyn poetry and fiction literature was conducted; reveals the expressive nature of social ties and relations of the Kyrgyz traditional society through the prism of the socio-philosophical concept; for the purpose of a holistic vision of the substantive-essential foundations of the existence of a traditional Kyrgyz society, the features of its social stratification are revealed; The importance of the stability of the Kyrgyz traditional society and the peculiarities of its axiological values under the conditions of globalization are studied.

**Recommendations for use**: the theoretical and methodological conclusions of the thesis can be used in the preparation of special educational materials, lectures, seminars on the courses "History", "Philosophy", "Manasovedenie", "Kyrgyz Philosophy", "Culturology".

Формат 64х84/16. Печать офсетная.
Объем 1,75  п.л. Тираж 70 экз.

---

ИЗДАТЕЛЬСТВО
MAXPRINT
БАСМАСЫ

Типография «Maxprint»
Адрес: 720045, г. Бишкек, ул. Ялтинская 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru